Сабактын темасы: Физикалык жана химиялык кубулуштар

Класс: 7-класс **Мектеп**:Чуй р.н. С.Сыдыгалиев ЖББОМ

Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү

Убактысы: 45 мүнөт

Сабактын максаты:

- Окуучуларга физикалык жана химиялык кубулуштар жөнүндө түшүнүк берүү. - Эки кубулуштун айырмасын мисалдар аркылуу түшүндүрүү
- Байкоо жүргүзүү, салыштыруу, жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүн өнүктүрүү. Тарбиялык:
- Табияттагы кубулуштарга кызыгууну арттыруу, тактыкка жана жоопкерчиликке тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:Окуу китеби Презентация / сүрөттөр Бор, такта Тажрыйба үчүн: кагаз, шам, темир, суу (коопсуз шартта)

Сабактын жүрүшү: (5Е модели)

№	5Е модели	Иш аракет
1	1 Этап Кызыктыруу	**Максаты:** - Окуучулардын кызыгуусун ойготуу, тема тууралуу алдын ала түшүнүк алуу Мугалимдин иш-аракети: **Суроо берет:** «Муз эрип кетсе эмне болот? Кагазды өрттөсөк эмне өзгөрөт?» Кыска видео же сүрөт көрсөтөт. Окуучулардын иш-аракети: - Өз ойлорун айтышат, мисал келтиришет.  

<table>
<tr><td>2</td><td>2Этап Изилдөө</td><td>Мугалимдин иш-аракети:
Окуучуларды топторго бөлөт:
Тапшырма берет: берилген мисалдарды байкап, өзгөрүүнү аныктоо. Тапшырма мисалдары:
❖ Муздун эриши
❖ Суунун буулануышы
❖ Кагаздын күйүшү
Окуучулардын иш-аракети: - Байкоо жүргүзүшөт. - Өз жыйынтыктарын талкуулашат.</td></tr>
<tr><td>3</td><td>3 Этап
Түшүндүрүү</td><td>Мугалимдин түшүндүрмөсү:
Физикалык кубулуш – заттын курамы өзгөрбөйт, сырткы көрүнүшү гана өзгөрөт.
Мисалдар: эрүү, тоңуу, буулануу.
Химиялык кубулуш – заттын курамы өзгөрүп, жаңы зат пайда болот.
Мисалдар: күйүү, дат басуу, чирүү.
Окуучулар: - Дептерлерине аныктамаларды жазышат. - Суроолорду беришет.</td></tr>
<tr><td>4</td><td>4 Этап Кеңейтүү</td><td>Күнүмдүк турмуштан мисалдар берет.
Тапшырма: мисалдарды физикалык жана химиялык кубулуштарга бөлүү. Окуучулардын иш-аракети: - Топ менен иштешет. - Тактага жоопторун жазышат.</td></tr>
<tr><td>5</td><td>5Этап Баалоо</td><td>Баалоо формалары: - Оозеки суроо-жооп
1. Кагаздын күйүшү кандай кубулуш?
2. Шамдын күйүшу?
3. Металлдын дат басуусу кайсы кубулуш?
4. Фотосинтез процесси кайсы кубулуш?
Үй тапшырма:
Күнүмдүк турмуштан 3 физикалык жана 3 химиялык кубулушка мисал келтирүү.
<table>
<tr><td>№</td><td>Физикалык кубулуш</td><td>Химиялык кубулуш</td></tr>
<tr><td>1</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>2</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>3</td><td></td><td></td></tr>
</table>
Күтүлгөн жыйынтык :Сабактын аягында окуучулар: - Физикалык жана химиялык кубулуштарды айырмалай алышат. Мисалдар менен түшүндүрө алышат.</td></tr>
</table>